КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

09-октябрь 2025-жыл № 4 Совет айылы

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн Каба айылында жайгашкан № 16 "Актилек" мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча тайпа ачуу жана зарыл болгон жабдыктарды алуу үчүн каражат бөлүү жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 09-октябрындагы № 01-17/709 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесине, "Жергиликтүү кеңештер жөнүндө" мыйзамынын 14-беренесине ылайык, айыл тургундарынын муктаждыгын камсыздоо максатында Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Каба айылындагы № 16 "Актилек" мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча тайпа ачуу жагы жактырылсын.

2. Жаңы ачылган тайпа үчүн зарыл болгон жабдууларды жана материалдык-техникалык каражаттарды алууга 120500 (бир жүз жыйырма миң беш жүз) сом өлчөмүндө каражат бөлүнсүн.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**